**УДК: 316.334**

**САЛМОРБЕКОВА Р. Б., АКЫЛБЕКОВА А. А.**
*КНУ им. Ж. Баласагына, Бишкек*
**SALMORBEKOVA R.S., AKYLBEKOVA A.A.**
*J. Balasagyna KNU, Bishkek*

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЫЗМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КВАЛИМЕТРИЯЛЫК БААЛОО

## Квалиметрическая оценка доступности местных услуг

## Qualimetric assessment of the availability of local services

*Макалада 2018-жылы Нарын областында жургузулгвн изилдввнун жыйынтыктарынан келип чыккан маселелер квтврулгвн. Каралган жергиликтуу кызматтардын жеткиликтуулугун кеалиметрия ыкмалары менен баалоо пилоттук бойдон калбай, башка областардагы маалыматтарды алууда пайдаланууга мумкун экендигин тастыктайт. Изилдвв билим жана илим министрлигинин долбоорун аткаруу максатында жургузулду Жергиликтуу децгээлде квтврулгвн маселелердин сапатын баалвгв арналган. Квнкреттуу сунуштар тиешелуу мекемелерге багытталып жазылган.*

***Урунттуу свздвр:*** *баалвв; индекс; кеалиметрия; жергиликтуу бийлик; мвдернизация; эффективдуу; жаран.*

*В статье рассматриваются результаты исследвания 2018 гвда прведеннвй в Нарынсквй вбласти. Двступнвсть местных услуг вцениеается с пвмвщью кеалиметрических метвдве, чтвбы даннве исследввание не встаеалвсъ как пилвтнве и испвлъзвеалвсъ при пвлучении инфврмаций в других вбластях. Даннве исследввание выпвлнене пв првекту министерства вбразввания. Исследввание направленв для вценки качества вказываемых услуг на местнвм урввне. Квнкретные прилвжения, реквмендации направлены в сввтветствующие врганы для улучшения местных услуг.*

***Ключевые слова:*** *индекс; квалиметрия; местных органов; модернизация; оценка; эффективность; граждан.*

*This article examines the results of the 2018 study conducted in the Naryn oblast The availability of local services is assessed using qualimetric methods, that this study did not remain as a pilot is attached when obtaining useful information. This research was carried out under the project of the Ministry of Education. Research aims to assess the quality of services provided at the local level. Specific application, recommendations sent to the relevant authorities to improve local services.*

***Keywords:*** *index, qualimetric; local authorities; modernization; evaluation; efficiency; citizens.*

Коз карандысыз социологиялык топ 2018-жылдын март-апрель айларында илим жана билим беруу министрлигинин гранттык изилдеесунун негизинде Нарын областынын райондорунда сурамжылоо жургузулду. Жалпысынан изилдееге 268 респондент катышты. Нарын областы 5 административдик районду (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), 54 айыл округун, 122 айыл-кыштакты, 2 шаар турундегу поселокту жана 1-Нарын шаарын камтыйт.

Изилдеенун максаты (SS) жашоонун сапатын айылдарда тушунуусун аныктоо, езгече социалдык жана коомдук мамилелеринин таасиринин айланасында.

Негизги милдеттери:

1) социалдык-экономикалык алмашууларды жана процесстерди сурамжылоонун негизинде тушундуруу;

2) социалдык тузулуш жана мамилелер женунде маалыматтарды чогултуу, ез жашоосуна таасирин тийгизуу учун коомдук иштерге жана чечимдерге катышуусу

(добушу);

3) корсотулгон кызматтардын сапатына жана жеткиликтуулугу боюнча суроолорду талкуулоо;

4) элдердин туйшугу жана тилектери боюнча ар кандай топтордун пикирлерин анализдее

Бул изилдеену жургузуу $Y^4Y^H$ Нарын обласы тууралуу жалпы маалыматты чагылдыра турган райондордогу айыл округдарын тандап алдык. Изилдееде: аял жана эркек, жаштар менен карылар, байлар менен жакырлар сыяктуу ар кандай топтордун мучелерун камтыганга аракет жасалган.

**Изилдеенун методологиясы.**

Изилдееде маалыматтарды чогултуу учун уч метод колдонулду: ар кандай топтор арасында фокус-топ (ФГД) еткеруу; негизги маалымат беруучулер менен маектешуу; жарым тузулуштегу интервью (SSIS).

Ар кандай тармактардын адистеринен куралган алты изилдеечу топ экиден белунуп уч топ айылдарда ез тармактары боюнча темендегу темалар боюнча иш алып барышты:

1. Негизги маалымат беруучулер менен маек: жашоо шарттары (жашоо тиричилиги) негизги кызматтар, жана жаратылыш ресурстары;

2. Катышуучулар менен саламаттыкты сактоо жана билим беруу кызматтарын колдонуусу боюнча пикир алышуу (2 фокус-топ);

3. Финансылык кызматтарды колдонуу боюнча фокустук топтор арасында талкуу жургузу;

4. Жеке интервью: Коомдук катышуу, чечимдерди кабыл алуу, социалдык мамиле, маданият жана жалпы жашоо сапаты;

Негизги маалымат беруучулер жана фокус-топтун катышуучуларынын жооптору боюнча изилдееге алынган айылдардын баардыгы негизинен жашоо тиричилигин айыл чарбасы жана социалдык трансферттер (пенсия, пособие) менен байланыштуу. Мал чарбачылыгы (уй, кой, жылкы, эчки, топоз, ТООК ж.б.) менен бирге дыйканчылык (картошка, сабиз, арпа, буудай, чеснок ж.б.) да енуккен. взгече белгилей кетсек, Жер-Кечкуде дыйканчылык жок (бак-дарак еспейт), мал чарбачылыгы менен гана алектенишет (жылкы, уй, топоз, «Меринос» асыл тукумдуу койлорду багышат). Мектептин директору Шамбет агайдын айтуусунда: «Дениз децгээлинен 2750-2900 бийиктикте жайгашкандыктан, кыштын узак жана суук болгондугу бак-дарактардын есуусуне тоскоол болуп келет. Бир нече жыл аракет кылып, акыры баш ийген, себеби 50 см. чейин кыштын куну тонуп калып, алардын тамырын ушук алып кетип еспей калат». Ал эми Кочкор айылында жана Нарын шаарында тиричиликти ар кандай жолдор менен еткезушет. Алсак кептеген мамлекеттик мекемелерде (областык, райондук мамлекеттик администрация, укук коргоо, билим беруу, саламаттыкты сактоо, салык тармактары жана жеке ишканалар ж.б.) айлык акы алып жашашат жана майда алып сатуулар, кол енерчулук (курууч), тигуучу). Изилдее жургузулген Баш-Кууганды, Жер-Кечку, Жерге-Тал жана Кара-Суу айылдарында негизги кесиптин ээлери катарында: мугалимдер, медсестралар, экономистер, агрономдор бар. Маалымат беруучулердун айтуусунда электрик, сварщик, курууч, ветеринар, социалдык кызматкер-психолог, эколог адистери жетишпейт. Ал эми Кочкор жана Нарын шаарында ар кандай кесиптин ээлери эмгектенишет.

***Кесип тандоо маселеси***

Негизги маалымат беруучунун айтымында: *«Мектепте кайсы предметтин мугалими жок болсо, Жогорку окуу жайында ошол предметте окуган кызды келин кылып алууга аракеттенишет же баласын ошол предметтен окутушат. Себеби, айылда андан башка туруктуу кесип жок».*

Мисалы: биздин изилдее учурунда Жер-Кечкуде негизги маалымат беруучу математика сабагынан берген мугалим жетишпестигин эске алып, ошол предметтин ээси болгон адисти келин кылып алды.

Эркектердин негизги аткарган иштери талаачылыкта (айдайт, сугарат, чеп чабышат,

оруу жыйууга толук катышышат), мал чарбачылыкта (кайтарышат, жун кыркышат, кутка, туутка катышышат, сугарып, тоюттандырышат). Жер-Кечку айыл округунун тургундары талаачылык жумуштарына кез каранды эмес, негизинен мал чарбачылыгы менен алектенишет. Ошону менен бирге Баш-Кууганды айылында жаштар Кара-Кече (40 км.) кемур кенинде иштешет жана айрымдары ездерунун женил жана жук ташуучу машиналары менен кемур ташып башка айылдарга сатышат. Негизги маалымат беруучу белгилегендей: «70 жакын КАМАЗ машинасы бар айылда жана алардын кебу Кара-Кечеде иштешет». Бир нече жаш балдар советтик ендуруштегу машиналарды жук ташуучу кылып кемур ташышат.

Аялдар эркектерден айырмаланышып уй кызматтарынын баардыгын аткарышат. Ошол эле учурда эркектер менен бирге талаачылыкта (уйдун айланасындагы огородду иштетишет, чеп чемелешет жана отошот), мал чарбачылыгында (уй, бээ саашат, туутка катышышат, малга тамак беришет). Кочкордон бир негизги маалымат беруучунун айтуусу боюнча: «аялдар, балдар акыга картошка отошот, теришет (кунуне 400 сом, $ 8,8)».

взгече белгилей кетуучу маселе мал багууну жана жер айдоону негизги кесип катарында эсептешпейт. Мал багууга жана жер иштетууге кеткен убактысын «милдет» катарында керушуп, анын жемиштуулугуне курешуу начар. Дыйканчылакта Кочкор жана Нарын шаарларынын тургундары белгилегендей, улушке жер тийбей калган, жердин жетишпестигинен талаачылык менен иштеп кошумча киреше таба алышпайт. Бул территориялык аймактар шаар же айыл статусуна толугу менен жооп бербегендиктен жашоо тиричилиги кыйындоодо. Алар негизинен майда соода сатык менен тиричилик кылышат.

Жашоо-тиричилик негизинен дыйканчылык менен мал чарбачылыгына байланыштуу болгондуктан темендегудей кейгейлер кездешет. Дыйканчылыкта:

- техниканын жетишпестиги, куйуучу майдын кымбаттыгы жана жетишсиздиги;
- уреендун сортторунун начардыгы жана жер семирткичтердин жоктугу;
- сугат суусунун туура эмес пайдалануу, кээде конфликтерди чыгарат;
- ендурулген тушумду сатуу маселеси (картошка, сабиз, чеснок, алма ж.б.);
- дыйкандардын сабатсыздыгы, жерди эффективдуу пайдалана билбегендиги (1 гектардан 30 тонна картошка алса, ошол эле жерден 70 тонна алууга болот);
- жаратылыштын катаалдыгынан тушумдерду ез убагында жыйнай албай, кар астында калып калат.

Мал чарбачылыгындагы кейгейлер:

- малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу;
- малдарды ез убагында дарылоо жана айылдарда жогорку билимдуу ветеринардын, ветаптеканын жоктугу;
- тоюттардын station аздыгы, жолдун начардыгынан алыскы жайыттарга чыга албагандыгы;
- малдан ендурулуп чыккан сырьёлордун толук иштетилбегендиги (эт, сут, жун, тери ж.б.);
- жайыт комитетинин жаныдан иш алый барышы жана натыйжасыз иштеши;
- мал уурулук жана жапайы жаныбарлардын кол салуусу (карышкыр, тулку).

**Мал уурулук кейгейу**

Жер-Кечку айылынын негизги маалымат беруучулердун айтымында: *«Мал уурдоо жок, сырттан ууру келе албайт. Болгону карышкыр гана кол салбаса».* Чындыгында эле малдарын жайып коюп кайтарышпайт, короо салынган эмес.

**Жаратылыш ресурстары.**

Нарын областы тоолу ереен болгондуктан айыл-чарбасына толугу менен ылайыкташкан. Кепчулук маалымат беруучулер белгилегендей, акыркы 10-15-жылдын ичинде жаратылыш чейресунде бир топ езгеруулер болуп жаткандыгын баса белгилешти: катуу шамалдар, кардын калыщдыгы, кыштын сууктугу жана жайдын ысыктыгы, суу, сел каптоолор, кургакчылык, жер титирее. Мындай езгеруулерге темендегу себептер туртку

болууда:

- бак-дарактардын азайып кетиши жана жацы кечеттердун отургузулушунун аздыгы (отун катарында кыйылышы, малдардын талкалашы);
- кен байлыктар ачык карьерден чыккандыктан жаратылыштын езгерушун алып келууде (Баш-Кууганндыда Кара-Кечеде кемур кени-40 км., Жер-Кечкуде Солтон Сары алтын кени - 17 км., Жерге-Талда Макмал алтын кени - 60 км.);
- жаратылыштын езгерушу менен жацы оорулар пайда болууда (кез оорусу, бронха оорулары, колу-бут, ичеги оорулары ж.б.);
- айрым жаныбарлардын жаратылыштан жоголуп, азайып баратышы (Кара-Суууда бакалардын жоголушу, себеби адамдар кептеген химикатты колдонушууда жана дарылыка пайдаланууда);
- дуйнелук (глобалдык) жылуулук жана Кытайдагы жардырыулардын таасири.

**Негизги кызматтар: соода туйундеру, транспорт, электр, суу, санитардык тазалык жана коммуникация.**

Ар бир айылда кунумдук керектелуучу товарларды сатып алуу учун жеке майда соода туйундеру (камок) бар. Кочкор жана Нарын шаарларында кун сайын базар жана кичи маркеттер иштейт. Кочкордо атайын тамак-аш саткан дуц дукендерден Жумгал, Нарын, Ак-Талаа, Ат-Башы райондорунун екулдеру соода кылып кетишет. Башка айылдарда комоктордон соода кылышат жана жуманын бир кунун райондун айылдарын чогулткан мал базар болот, ошол базардан керектелуучу товарларды сатып алышат, соода сатык жургузушет (Баш-Кууганды - бейшемби куну Куйручук айылына барышат 15 км.; Кара-Суу - жекшемби куну Ат-Башыга барышат 23 км.; Жер-Кечку -ишемби куну Кочкорго барышат 90 км.; Жерге-Тал - ишемби куну Кош-Дебеге барышат 15 км.). Узакка колдонулуучу товарларды Бишкектен жана Ат-Башы, Кочкордогу базарлардан сатып алышат.

Транспорт кызматын женил автомобилдер, автобустар жана кичи маршруткалар камсыздайт.

**Жеке менчик машиналарды такси катарында пайдалануу**

Негизги маалымат беруучунун айтымында: *«Баш-Кууганды айылында 6Ока жакын жецил машина, 20 жук ташуучу, 40 трактор, 7 трактор комбайн жана 6 жер айдоочу трактор бар».*

Дагы бир маалымат беруучу белгилегендей: *«Кочкор айылында баардык жакка каттоочу таксилер коп, бирок алардын 98 % патенти жок иштешет, мамлекетке салык твлвшпвйт. Нарын-Бишкек автобусу каттайт, бирок ал тун ичинде втвт. Баасы 150 сом [$ 3.30] такси 250 сом [$ 5.50]. Башка маалымат беруучулер мындай маалыматты билбегендиктен, бул кызматты колдонбой келишкен, эми таксинин ордуна колдонууну туура кврушту».*

Жер-Кечку жана Жерге-Тал айылдарында коомдук транспорттун катташы уюштурулган эмес, айрым жеке менчик жецил машинасы барларга элдер кун мурунтан суйлешуп пайдаланышат.

Электр жарыгы боюнча кышкы мезгилде гана кейгейлер жаралбаса, башка мезгилдерде анча деле узгултуке учураган убактар жокко эсе. Баардык фокус-топтун катышуучулары белгилегендей, электр токтору, станциялар эскирип, туруштук бере албай жаткандыгын кабарлашты. Андан тышкары адистештирилген электриктер (сертификаты жок) жок оцдоо-туздее иштерин уйренчуктер алый барат. Мисалы, Баш-Кууганды айылында электр токторун ондоочу мастерге 500 сомдон *[$ 11]* телеп берууге карты болушуп, бузулуп калганда Чаектен чыкырышат, убакыт коройт ж.б. Кыш мезгилинде жылыткыч катары да пайдаланышат, ошондуктан кышында кейгейлер кучейт.

Ичуучу суу езгече Жерге-Тал жана Жер-Кечку айылдарында эц орчундуу маселе, анткени ичуучу таза сууну водопроводдон алууга мумкунчулук жоктугунан мецгунун эригенинен, арыктан алый ичишет. «Аккан суууда арам жок» деген кез карашка ишенуу менен пайдаланып келишет.

Ар бир уй чарбачылыгында туалет бар, бирок алар санитардык стандарттарга жооп

бербейт. Таштандыларды таштоочу атайын жайлар жок жана малдан чыккан таштандыларды ездеру ичип жаткан суулардын жанына тегушет. Санитардык тазалык толук сакталбай келет.

Коммуникация баардык айылдарда мобилдик телефон жана радио, телевизор аркылуу жеткен. Мобилдик уюлдар «Билайн» жана «Мегаком» ез кардарларын таап алышкан. Интернетти Кочкор жана Нарын шаарларында кецири колдонсо болот, башка айылдарда колдонуу кыйын.

**Финансылык кызматтар**

Изилдеедегу эц кызыктуу жана орчундуу маселелердин бири катарында финансылык кызмат болду. Биздин байкообуз боюнча качандыр бир кредит албаган уй-буле болбосо керек. Облуст боюнча бир нече официалдуу кредит беруучу банктар иштейт: Мол-Булак, Айыл-банк, Аман-банк, РСК Банк, Компаньон, DosKredo банка, Бай-Тушум жана Финка. Кредиттер 5000 сомдон 200 000 сомго [$ 110 до $ 4418] чейин устуне бир жылга 10-32 % менен берилет. Ошол эле мезгилде официалдуу эмес кредит алуунун булактары бар (20 % бир айга): туугандар, достор, кошуналар, тааныштар, коллегалар. Кредит алуучу булактардын айырмачылыктары бар: официалдуу булактар документтерди талап кылат, бизнес план тузуш керек. Официалдуу эмес булактарга документ топтоп убакыт кетирбейт, телее меенетунен эркиндикке ээ болу. Айрымдар официалдуу жана официалдуу эмес кредиттик уюмдардан алышкан.

Алынган кредитти аялы жана куйеесу биргелешип, акылдашып сарпташат. Эркектер мал сатып алууга, машина запчастарын сатып алганга, уйду ремонт жасаганга, жер айдатканга сарпташат. Аялдар тамак-ашка, кийим-кечеге, уй буюмдарга, балдарын окутканга ж.б. сарптайт. взгече эркектер кредитти жаз айында алууга аракет кылышат. Ал эми аялдар жылдын ар кандай айларында ала беришет, себеби уй-булеге керек учурларда алышат.

Чоц банктардан айырмаланып кредиттик союздарда куреееге коюла турган буюмдарды каттабайт. Кредит алуу учун айрым банктарга очередден жылдырыш учун акча беришет.

**Алынган кредиттерди пайдалануу**

Негизги маалымат беруучунун айтымында: «DosKredo банк таанышыц болсо же Шапка бергенден кийин кредит берет, эгерде. Мисалы: 50 000 сомго [$ 1104], анын 5000 сомун [$ 110], эгерде 30 000 сомов [$ 662,60], анда 3000 сом [$ 66,30] ".

Кредиттердин оц жагы:

- акча керек кезде эч кимге жалдырабай акча аласыц;
- документтерди тактап алуу; Кредиттердин терс жактары:
- проценти жогору;
- ез убагында телей албай калса куреееге койгонун (уй, мал, жер ж.б.) алдырып жиберет;
- документтердин кептугу;
- езуц карыз акча алып жатып, пара беруу;
- берилген кредитти жабуунун убактысынын аздыгы;
- алынган акчаны туура эмес пайдалануу.

Телее меенету келгенде акчасы жок болсо, башкалардан карыз алышат. Негизинен кредиттерди мугалимдер, доктурлар, мекеме кызматкерлери алышат, себеби алар алган насыя акчасын айлык маянасы менен телеп бере алат.

Кредиторлордун ездерунун клиенттерине болгон мамилеси абдан жакшы жана алардын тейлее кызматы да жогорулоодо. Эгерде ез убагында кредиттерди телеп турушса, анда кийинкиде кредиттин суммасын кебуреек ала алышат.

Жылдын куз мезгилинде негизги киреше булактары тушет. Респонденттердин берген жоопторунда алган кредитти куз убагында кайрып беруу жолдорун иштеп чыгууну сунушташты. Кредиттерди туура эмес пайдаланып, бизнес план боюнча иштетпестен, жамандык-жакшылыкка жумшап жиберишет. Мисалы: кредитке келин алышат, той-аш

беришет, балдарынын окуусун телешет.

Дээрлик баардык айылдарда келиндер 1000 сомдон [$ 22] шерине ойношот. Топтолгон акчага уй буюмдарын алышат: муздаткыч, кир жуучу машина, мебель ж.б.

Советтер Союзу тарагандан бери калктын саламаттыгынын начарлашы, саламаттыкты сактоо тармагынын алсыздыгы, жаны оорулардын пайда болушу менен кардарлар ез убагында керектуу жардам албай калууда. Ар бир айылда ден-соолук кызматы - ФАЛ, ден-соолук комитеттери, уй-булелук медициналык топтору аркылуу элдин саламаттыгына кам керушет. Бирок, бул мекемелерде врачтар жок, медсестралар биринчи жардам керсетет, ымыркайларды эмдешет, кан басымы жогорку адамдардын давлениесин ченеп, врачтар жазып берген ийнелерди сайып турушат. Тез жардам машиналары жок, муктаж болгондо, машинанын жоктугунан такси жалдашат же жеке менчик машиналарын пайдаланышат. Бирок, ал машиналарда оорулуларга эч кандай шарт жок экендигин айтышты. Абдан оору адамдар Бишкекке келип дарыланышат.

2015-жылдын декабрь айында 6 жаштагы балам операция болду. Кусуп, алы кеткендиктен кергезвйун десем, мед сестралардын эквв тец отчет бергени Нарынга кетишиптир. Эмне кылаарымды билбейм, анан биздин айылда бир ата бар ошол кишиге кергезуп, ал киши аппендицитке окшоп жатат, эртерээк ооруканага алып бар дегенде, 1500 сомго такси жалдап кечки 4-5те Кочкорго барып, андан ары Балыкчынын ооруканасына бардык. (Кочкор 90 км, Балыкчы шаары 140 км) *{35-жаштардагы аял кишинин айтканы, Жек-Квчку)*

Терет уйлеру райондун болборлорунда жана калктуу пунктарда жайгашкан. Кош бойлуу аялдар терет уйлеру бар айылдарга кун мурунтан келип даярданышат. Облуст боюнча Нарын шаарында жана Кочкор айылында медициналык борборлор оорун алган, кандай гана оору болбосун ошол жерлерден дарыланууга болот. Кыргыздын салты, кызга кам керуу учун теркунуне жакын барып терегендер да бар экен. Негизинен медсестралар айылдагы кош бойлуу аялдарды тизмеге алып аларды райондук борборго,

облустка, шаарга жиберип турат. Бирок, кош бойлуу аялдарга бала багуу боюнча эч кандай кеңештер берилбейт.

Терет уйлеру дээрлик бардыгы мамлекетгик болгонуна карабастан врачтардын акча алгандыгын айтышты. *60 жаштардагы апанын айткандарынан:* Менин келиним жакында кесарево сечение болуп тереду, ага 17 мин сом врачка бердик, жол менен 20 мин сомго чыкты. *Дагы бир келиндин айтканынан:* Синдимди теретуш учун врачтар наркозго 2,5 мин сом сураганында берди, 12000 сомду операция учун теледу, андан кийин врачтар тамак бергиле деп сурап ичишти. Андан кийин синдимден кеп кан кетип, кан таппай чуркадык.

вте кеп кездешкен оорулардын турлеру:

- кан басымдуулуктун жогорулугу;

ичеги карын оорулары;

журек оорусу; анемия;

- буту-кол оорулары;

нерв, психологиялык оорулар;

- кез оорулары (Эзгеруш, Жерге-Тал);
- тиш оорулары (Жер-Кечку); кургак учук оорусу (Кочкор); Ооруларга туртку болгон себептер:

дениз денгээлинен бийик болгондуктан (1800-2800);

жаратылыштын катаалдыгы (шамал, ичуучу таза суу жок; кыштын узактыгы, суук);

- кендердин терс таасири (Кара-Keче, Солтон Сары, Ак-Таш, Кумтер, Макмал ж.б.)
- тамак-аш рациону толук эмес (жашылча-жемиштердин, балыктын рациондо жоктугу);

аптеканын жоктугу, дары-дармектердин кымбаттыгы;

ооруканалардын имаратынын абалы начар (суук, жетиштуу шаймандар жетишпейт, санитардык стандарттарга жооп бербейт);

адистердин (стоматолог, гинеколог, хирург, терапевт, невропатолог ж.б.) жана текшеруучу аппараттардын жоктугу;

адамдардын ез ден-соолугуна кайдыгер мамиле жасашы, ез убагында дарыланбоо;

саламаттыкты сактоо тармагындагы коррупция. Алыскы айылдарга врачтар атайын медициналык машина менен барып, жер-жерлерде жашоочулардын ден-соолуктарын текшерип, тиешелуу дарылануулады жазып берип кетишчи. Бирок, акыркы учурларда мындай кампаниялар журбей калган. Келечектеги аскерге бара турган балдарды медициналык текшерууден еткерсе 80 % жакынынын ден-соолугу начар.

Мамлекет тарабынан медициналык камсыздоо системасы иштейт, ал оорулуларга кандайдыр бир жецилдиктерди керсетет. Медициналык камсыздоо ар бир айлык акы алган жарандын айлыгынан 2 % кармалып алынат. Айрым учурларда медициналык камсыздандырууну жарандардын маалыматтуулугунун жоктугунан толугу менен пайдалана алышпайт. Ооруканалар мамлекетгик мекеме болсо да анда тиешелуу дары-дармектер жетишпегендиктен оорулулар ез акчасына сатып алат. Коммерциялык багытгагы медициналык жеке уюмдар «Сибирское Здоровье» жана «Тяныпи» так диагноз койбостон, ар кандай дары-дармектерди сатышат (200 сомдон 3000 сомго чейин).

Акыркы беш жылдын ичинде медицина кызматкерлеринин айлык маянасы кебейген, бирок керсетулген кызматта езгеруу жок, сапаты начар. Жаш балдар учун ЮНИСЕФ проектиси менен «Гул азык» кошумча витамини берилип жатат. Ооруканалардын имараттары эскирип, айрымдары табигый кырсыктарга туруштук бере алышпайт.

Изилдеенун жыйынтыктары чагылдыргандай жергиликтуу кызматтардын сапатын ондоо, ез убагында сапаттуу кызмат керсетууну ар бир тармак боюнча маселелерин мамлекеттик децгээлде анализдеп, карай чыгуу зарыл.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***

1. Оптимизация системы предоставления государственных и муниципальных услуг в Кыргызской Республике: теория и практика. Учеб.пособие / К.Б. Шадыбеков, А.В. Третьяков, С.К. Мурзаев, А.А. Капарова/ Под общ. ред. Н.С. Момуналиева - Б: 2015 г. - с.416

2. Салморбекова Р.Б., Нурматова ГА., Исманова НА. Квалиметрия как измеритель эффективности социальной политики. - Издательство LAP LAMBERT Academic Publishing Germany: 2018. с. 89

3. Сыдыкбаев Ч. М., Нурматова Г. А. Жергиликтуу ез алдынча башкаруу теориясы жана практикасы. - Б., 2017. - 256 б.

4. Salmorbekova R.B. Qualimetric evaluation of state youth policy of the Kyrgyz Republic. // “Scientific research of the SCO countries: synergy and integration” - Reports in English. -Beijing.: 2018. P. 223-231.

***Рецензенты: Нурова С. С.*** *- доктор социологических наук, профессор БГУ им. Х. Карасаев* ***Мусаева А. К.*** *- кандидат социологических наук, директор ОО «РЭЧТА»*